DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Кубатов И.К.*

# ЖАРАНДАРДЫН КАЙРЫЛУУЛАРЫН КАРОО БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАМСЫЗ КЫЛУУ

*Кубатов И.К.*

# ОБЕСПЕЧЕНИЕ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ПО РАССМОТРЕНИЮ ОБРАЩЕНИЙ ГРАЖДАН

*I. Kubatov*

# THE ENSURING THE ACTIVITIES OF THE PRESIDENT OF THE KYRGYZ REPUBLIC ON CONSIDERATION OF REFERENCES OF CITIZENS

*УДК: 342.7:351/354 (575.2)*

*Бул макалада жарандардын кайрылууларын кароо боюнча мамлекет башчысынын ишмердүүлүгүн камсыз кылууда Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын негизги ролу каралган. Жарандардын арыздарын кароо боюнча мыйзамдардагы кемчиликтер талданып, аны жоюу боюнча бир катар сунуштар келтирилген. Андан сырткары, жарандардын кайрылуулары жаатындагы негиз салуучу мыйзамдарды аткаруу боюнча мамлекет башчысынын ишмердүүлүгүн комплекстүү камсыз кылууда башка мамлекеттик органдардын функциялары талданган. Ошондой эле, Президентинин ишмердүүлүгүн функционалдык-укуктук камсыз кылууда Администрациянын саясий жана экономикалык изилдөөлөр башкармалыгына караштуу жарандардын кайрылуулары менен иштөө боюнча бөлүмүнүн негизги функциялары талданган. Ошондой эле, аткаруу бийлик органдарынын ишмердүүлүгүн олуттуу жакшыртуу аркылуу жарандардын кайрылууларын кароо процессин мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу зарылдыгы боюнча бир катар багыттар белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *жаран, мыйзам, Президент, укуктар, милдеттер, арыз, даттануу, кароо тартиби, ишмердүүлүк.*

*В данной статье рассматривается основная роль Администрации Президента Кыргызской Республики в обеспечении деятельности Президента по рассмотрению обращений граждан. Проанализированы недостатки законодательства о рассмотрении обращений граждан и дан ряд рекомендаций по их устранению. Кроме того, проанализированы функции иных государственных органов по всестороннему обеспечению деятельности главы государства по исполнению основополагающего закона в сфере обращений граждан. Также были проанализированы основные функции отдела обращений граждан при отделе политико-экономических исследований Администрации в функционально-правовом обеспечении деятельности Президента. Также определен ряд направлений необходимости повышения эффективности государственного управления в процессе рассмотрения обращений граждан за счет существенного совершенствования деятельности органов исполнительной власти.*

***Ключевые слова:*** *гражданин, закон, Президент, права, обязанности, заявление, жалоба, порядок рассмотрения, деятельность.*

*This article discusses the main role of the Administration of the President of the Kyrgyz Republic in ensuring the activities of the President in considering citizens' appeals. The shortcomings of the legislation on the consideration of citizens' appeals are analyzed and a number of recommendations are given for their elimination. In addition, the functions of other state bodies for comprehensive support of the activities of the head of state are analyzed. On the implementation of the fundamental law in the field of citizens' appeals. The main functions of the department of citizens' appeals under the Department of Political and Economic Research of the Administration in the functional and legal support of the President's activities were also analyzed. significant improvement in the activities of executive authorities.*

***Key words:*** *citizen law, President, rights, duties, the application, complaint, order of consideration, the activities.*

Кыргыз Республикасынын Президентинин конституциялык ыйгарым укуктарын ишке ашырылышынын камсыз кылууда, анын администрациясы чоң ролду ойнойт. Президенттин Администрациясы тарабынан чечилүүчү милдеттердин катарында мамлекет башчысынын «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» 2007-жылдын 4-майындагы №67 Кыргыз Республикасынын мыйзамын ишке ашыруу боюнча бир нече негизги багыттарды белгилей кетүү шарт [1]. Биздин пикирде, бул багыттарга төмөнкүлөр кирет: адамдардын жана жарандардын укуктарын көзөмөлдүк-аналитикалык, маалыматтык жана укуктук камсыздоо. Бул тармакта, Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердүүлүгүн функционалдык-укуктук камсыз кылууда Администрациянын саясий жана экономикалык изилдөөлөр башкармалыгына караштуу жарандардын кайрылуулары менен иштөө боюнча бөлүмү негизги функцияны аткарат. Аталган бөлүм, жарандардын кайрылууларынын негизинде мамлекеттеги жана чет мамлекеттердеги социалдык-экономикалык, саясий жана укуктук процесстердеги маалыматтарды топтоо, иштеп чыгуу жана талдоо, жарандардын, коомдук бирикмелердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунуштарын эсепке алуу, кайрылууларда белгиленген негизги маселелерди жигердүү чечүү үчүн бирдиктүү укуктук жана маалыматтык мейкиндикти камсыз кылууда мамлекет башчысына көмөктөшүү

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



боюнча ишмердүүлүктү жүргүзөт.

Функцияларды ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жарандардын кайрылуулары менен иштөө боюнча бөлүмү Президент тарабынан бекитилген тартипте КРнын Жогорку Кеңеши, КРнын Жогорку соту, КРнын Конституциялык соту, КРнын Башкы прокуратурасы, башка аткаруу бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ата-мекендик жана чет элдик коомдук бирикмелер жана уюмдар менен өз ара тыгыз аракеттенишүүсү зарыл.

Андан сырткары, аталган бөлүм жарандардын жана башка мамлекеттердин жарандарынын кайрылууларын кароо жөнүндө обьективдүү маалымат менен камсыз кылуу боюнча КРнын Президентине сунуштарды даярдайт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 7-майындагы ПЖ №134 жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы жөнүндө» жободо Президенттин ишмердүүлүгүн камсыздоо үчүн зарыл болгон милдеттер жана функциялар белгиленген [2]. Бул Администрация үчүн бирдиктүү милдеттер жана функциялар болуп саналат. Бирок, бөлүмдөр жөнүндө ар бир жоболордо ушул органдарга гана таандык болгон милдеттер жана функциялар бекитилген. Ошондой эле, алардын ишинде колдонуучу жалпы жоболор дагы белгиленген. Бул органдар Администрациянын өз алдынча бөлүмдөрү болуп саналат жана өз ишинде Конституцияны, мыйзамдарды, Президенттин буйруктарын жана тапшырмаларын, Администрация жөнүндө жобону жетекчилике алып иш алып барышат.

Буга байланыштуу, Президенттик Администрациядагы эң «массалык» бөлүм болуп саналган – жарандардын арыздары, даттануулары жана сунуштары менен иштөө боюнча бөлүмдүн негизги ыйгарым укуктарын талдоо зарыл. Массалык дегенибиз Президенттин дарегине жиберилген кайрылуулардын саны боюнча бул бөлүмгө администрацияда теңдеш табылбайт. Анткени жеке маселелерин жергиликтүү органдар менен ийгиликтүү чечүүгө жетише албаган соң, жарандар мамлекет башчысына кайрылууга аргасыз. Демек, аталган бөлүмдүн негизги милдеттердин бири жарандардын арыздарын өз убагында кароону, ошондой эле аларды Администрациянын, аткаруу, мыйзам чыгаруу, сот жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тийиштүү тармактык бөлүмдөрүнө кароо жана чечим кабыл алуу үчүн жөнөтүүнү камсыз кылуу турат. Андан сырткары, бөлүмдүн кызматкерлери жарандарды кабыл алууну уюштуруп, аткаруу бийлиги органдарынын жарандардын арыздары боюнча тапшырмалардын мөөнөтүндө аткарылышын контролдоо жана алардын жыйынтыктары боюнча жарандарды маалымат менен камсыздоо турат.

Белгиленгенден тышкары, аталган бөлүм жарандардын кайрылууларын кароодо Жогорку Кеңештин жана башка мамлекеттик бийлик органдары менен биргеликте кайрылууларда жана жарандарды кабыл алууларда белгиленген жарандардын маселелерин талдоо менен уюштуруучулук-усулдук өз ара аракеттенишүүнү жүргүзөт.

Жарандардын кайрылууларын президенттик кароонун өзгөчөлүгү кеңири мааниде ал мыйзамдардын, Президенттин жарлыктарын, тапшырмаларын жана ошондой эле аларды аткаруу үчүн кабыл алынган Өкмөттүн токтомдорунун, тапшырмаларынын, программаларынын конкреттүү жоболорун өз убагында жана натыйжалуу аткаруу предметине бардык аткаруу бийлиги органдарынын ишмердүүлүгүнө тарагандыгында [3, 77-б.]. Ошондуктан, кайрылууларды президенттик кароо – бул Кыргыз Республикасынын жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө ченемдик-укуктук актыларды аткаруудагы укук бузууларды аныктоо жана жоюу боюнча Президенттик Администрациясынын ыйгарым-укуктуу органдар тутумунун мыйзамдуу ишмердүүлүгү. Мамлекет башчысы, конституциянын кепилдиги катары, Президенттин конституциялык ыйгарым-укуктары бул тармакта Президенттин алдындагы мамлекеттик маалыматтык борбор түзүү зарылдыгын бекемдейт. Ошондуктан, жарандардын арыздарын жана даттанууларын кароо тартибин камсыз кылуу мамлекеттик тутуму мамлекет башчысынын компетенциясында болушу абзел. Ошондо гана арыздарды жана даттанууларды кароо мамлекеттик көзөмөлдүн натыйжалуулугун жакшыртуунун жана камсыздоонун, мамлекетти башкаруу каражаттарын натыйжалуу пайдалануунун ишеничтүү, негизги каражаты болуп саналат. Президенттик кароо бул мамлекетти жигердүү башкарууга таасир этүү ыкмасы катары мамлекеттик жөнгө салуу тутумунун натыйжалуу каражаты болуп калат.

«Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» 2007-жылдын 4-майындагы №67 Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык жарандар жазуу жүзүндө, электрондук же оозеки формада баяндалган сунуш, арыз, даттануу менен мамлекет башчысына кайрыла алышат. Маселен, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына 2021-жылы жалпы 22546 жарандардан кайрылуулар келип түшкөн [4]. Анын ичинде жазуу жүзүндө (электрондук) кайрылуулар – 15073, коомдук кабылдамаларда кабыл алынган жарандар 5176, «Ишеним телефондору» аркылуу кай-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



рылган жарандар – 2297, Коомдук кабылдамаларга келип маалыматтык-укуктук кеңештерди жана түшүндүрмөлөрдү алган жарандар – 503, биринчи радионун «Биринчи кабылдама» берүүсүнүн «түз эфирлери» аркылуу кайрылган жарандар – 177ни түзгөн.

Бул маалыматка ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы жарандардын жазуу жүзүндөгү (электрондук) кайрылууларын тематикасы жана мүнөзү боюнча 5 багытка бөлүп карап, төмөнкүдөй пайыздык көрсөткүчтөрдү түзгөн:

1. Сот жана укук коргоо органдарынын иши боюнча – 4734 кайрылуу же 31,5 %;

2. Жер тилкелери жана турак жай маселелери боюнча – 2862 кайрылуу же 18,9%;

3. Социалдык маселелер (саламаттыкты сактоо, билим берүү, маданият, туризм, пенсия боюнча маселелер жана материалдык жардам ж.б.) менен байланышкан кайрылуулар – 2596 кайрылуу же 17,2%;

4. Мамлекеттик сыйлыктар, жарандык берүү, мунапыс маселелери боюнча – 1156 же 7,7%.

5. Экономикалык маселелер боюнча (кредит анын пайыздары) 1147 же 7,6%;

6. Ар түрдүү мүнөздөгү башка маселелер боюнча – 2578 же 17,1%.

Мамлекеттик бийлик органдарынын жарандык кызмат адамдарынын укуктук аң-сезиминин көпчүлүк бөлүгү калыптануу стадиясында калып келүүдө. Адамды кызматтык жактардын ыйгарым укуктарын аша чапкандыгынан коргоо тутуму бүгүнкү күндө натыйжалуу болбой, жарандардын коомдогу маанилүү принциптерине болгон түшүнүү жана сыйлоо азырынча иштелип чыга элек. Демек, жарандардын укуктары жана эркиндиктерин ишке ашырууда башка жеке жана юридикалык жактардын мыйзамдык кызыкчылыктарын бузбашы керек [5, 87-б.].

Жарандар көпчүлүк учурларда республикалык жана аймактык башкаруу органдарында жарандардын кайрылууга болгон конституциялык укуктарын ишке ашырууну камсыз кылууга карата чыгарылган ченемдик-укуктук актыларды аткарууга каалоолорунун жоктугу кайдан жарала тургандыгын түшүнбөй келишет.

Жарандардын мыйзамдык кызыкчылыктарын камсыздоодо, негизги документ катары Конституциянын мазмунун тажрыйбада белгилей турган кошумча чараларды иштеп чыгуу зарыл. Ошондуктан, «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» 2007-жылдын 4-майындагы №67 Кыргыз Республикасынын мыйзамын жүзөгө ашыруу усулдары абдан татаал. Натыйжада, жарандардын мамлекеттик бийлик органдарына даттануу укугун жүзөгө ашыруу менен байланышкан укуктук мамилелер конституция менен жөнгө салынат жана ошондой эле мамлекеттик органдар жана кызматтык жактар тарабынан кайрылууларды кароо тартиби орнотулат. Аталган мыйзамдын иштөөсү башка тартипте кароого жаткан жана чет элдик жарандар менен жарандыгы жок адамдардын кайрылууларын кароого байланыштуу укуктук мамилелерден тышкары, жарандын бардык кайрылууларына жайылтылат.

Жарандар Кыргыз Республикасынын Президентине жана башка мамлекеттик органдарга, кызмат адамдарына жамааттык кайрылууларды жасоого жеке кайрылууга укуктуу. Алар кайрылууга болгон укуктарын эркин ишке ашырышат, аны ишке ашырууда башка жеке жана юридикалык жактардын укуктары менен эркиндиктерин бузууга жол бербеши керек. Ошол эле маалда, жарандардын кайрылууларын кароо акысыз жүргүзүлөт.

Мамлекеттик бийликтин республикалык жана аймактык органдарынын мисалында иштеп жаткан мыйзамдарды аткаруу боюнча мамлекет башчысынын ишмердүүлүгүн камсыз кылууда конституциялык-укуктук маселелерди талдап көрөлү.

Жарандардан келип түшкөн кайрылуулардын көпчүлүк бөлүгү республиканын аймактарында мамлекеттик кызматкерлердин мамлекеттик кызмат көрсөтүү боюнча ишмердүүлүгү жарандар тарабынан терс пикирди жаратып келет. Тактап айтканда, мамлекеттик аппараттагы кызматкерлерин 76% ашууну коррупциялык көрүнүштөргө чалдыккан. Демек, мамлекеттик башкаруунун эфективдүүлүгүн арттырууда мамлекеттик кызматкерлер тарабынан мыйзамдуулукту так сактоо, жарандарга сапаттуу кызмат көрсөтүү жана башка укуктарды камсыз кылуу.

Президенттин жеке көзөмөлүндө турган арыздар, даттануулар менен иштөөнүн натыйжалуулугун арттыруу абдан маанилүү. Жогоруда аталган көзөмөлдүн эң мыкты формасы болуп жерине барып текшерүү саналат [6, 97-б.]. Бир катар министирликтерде жана ведомстволордо бул форма ийгиликтүү колдонулууда. Мамлекет башчысынын кайрылуулар тармагындагы ишмердүүлүгүн камсыз кылуунун натыйжалуулугу айрым учурларда аларды министирликтерге жана ведомстволорго негиздүү кайрадан даректөө менен төмөндөтүлөт. Арыз мамлекеттик органда көзөмөлгө турбастан эле инстанциялардын бүтүндөй чынжырчасы боюнча кеткен жана иш кайрадан кайрылуу менен аяктаган учурлар болот. Бирок, талдоо көрсөткөндөй, бөлүмдөрдүн иш-аракеттерин катуу жөнгө салууга болбойт. Бирок бул учурда министирликтин же ведомствонун ролу абдан жоопкерчиликтүү, элдин туруктуу көзөмөлүнө коюлган болушу керек. Алар жарандар тарабынан көтөрүлгөн эң бир орчундуу ма-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



селелер боюнча материалдарды дайындоо жана басылмаларга берүү, жетекчиликтин пресс-конференцияларын өткөрүү менен алектенүүлөрү керек.

Кайрылууларды кароонун тартиби жөнүндө мыйзамды аткаруу боюнча мамлекет башчысынын ишмердүүлүгүн камсыз кылуу процессинде кызматтык жактардын жарандар үчүн жеткиликтүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу маанилүү.

Келечекте, биздин көз карашыбыз боюнча, Президенттик Администрациянын ролу дагы, жарандардын жазуу түрүндөгү жана оозеки кайрылууларын кароону координациялоо менен алектенген бөлүмдөрдүн натыйжалуу түзүмүн аныктоодогу, бул тармактагы функционалдык көз карандысыз кызматтарды бекемдөөдөгү КРнын Министирлер кабинетинин жоопкерчилиги дагы өсөт.

Укуктук мамлекеттин башчысынын кайрылуулар тармагындагы ишмердүүлүгүн укуктук камсыз кылуудан аларды КРнын аймактарындагы бийлик органдарында кароону уюштуруу көбүн эсе көз каранды. Бул жерде сөз өлкөнүн Конституциясында бекитилген плюрализм, бийликтин алмашуусу, борбор менен аймактардын ортосундагы ыйгарым-укуктарды чектештирүү принциптеринин негизиндеги демократиялык өзгөрүүлөрдү тереңдетүү тууралуу болууда. Аймактык бийликтердин өз алдынчалуулуктарынын өсүүсүнүн натыйжасында алардын коомдук жана жарандардын алдындагы жоопкерчиликтери жогорулайт.

Ошондуктан талдоо көрсөткөндөй, КРнын Президентинин Администрациясы тарабынан ишке ашкан жарандардын кайрылууларын талдоо боюнча иште администрациянын, жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жогорку жоопкерчилиги байкалууда. Бирок, биздин пикирде, кайрылууларда белгиленген маселелерди мамлекет башчысынын деңгээлинде чечүү иштерин уюштурууну жана укуктук камсыз кылууну жандандыруу зарыл.

**Адабияттар:**


1. «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» 2007-жылдын 4-майындагы №67 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.
2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 7-майындагы ПЖ №134 жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы жөнүндө» Жобо.
3. Бокоев Ж.А. Укушов М.К. Президент Кыргызской Республики. / Учебное пособия. - Бишкек, 2013. - С.77.
4. Информация по работе с обращениями граждан, поступивших в Администрацию Президента Кыргызской Республики за 2021 год
5. Сооданбеков С.С. Проблемы становления и развития конституционно-правовой основы государственной власти в Кыргызской Республике. – Бишкек: Илим, 2002. - С. 177.
6. Шерипов Н.Т. Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу. / Окуу китеп. – Бишкек, 2012.